“Макулдашылды”
педагогикалык кеңешме
токтом № 1
“3” “09” 2021

“Бекитемин”
мектеп мүдүрү
Мамышова Т.А.

Ата-энелер чогулушунун

ЖОБОСУ

1. **Жалпы жобо**

1.1, Бул жобо КРнын «Билим беруу жөнүндөгү» мыйзамы, мектептин уставынын негизинде Генерал С. Самсалиев атындагы Жогорку-Аларча жалпы билим берүү мектеби үчүн иштелип чыкты.

1.2. Ата-энелер чогулушу-мектептин окуу-тарбия процессинин жеткиликтүүлүгүнө жана өсүшүнө жардам беруу максатында уюштурулган өзүн-өзү башкаруучу коллегиалдуу орган.

1.3. Ата-энелер чогулушунун курамына мектепте окуган бардьж окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) кирет.

1.4. Ата-энелер чогулушунун чечимдери пед. кенешмеде, зарыл болсо мектептин жалпы чогулушунда каралат.

1.5. Бул жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор мектептин ата-энелер чогулушунда киргизилет жана кабыл алынат.

1.6. Бул жобонун мөөнөтү чектелбейт жана жанысын кабыл алганча жарактуу.

2. **Ата-энелер чогулушунун негизги милдеттери**

2.1. Ата-энелер чогулушунун негизги милдеттери болуп:

- Мамлекеттик, аймактык билим беруу бөлүмүнүн саясатын ишке ашыруу үчүн мектептин жана ата- энелер коомчулугунун биргелешкен кызматташуусу .
- Мектептин негизги өнүгүү багыпарын карап чыгуу жана талкулоо .
- Мектептеги кошумча акы төлөнүүчү кызматтарды же окутууларды талкууло жана бекитүү
- Мектептеги билим беруу , тарбия , өнүктүүрү жана ден соолукту чындоо суроолору боюнча пед.жаамат менен ата - энелер коомунун кыймыл аракетин жөнгө салуу .

3. **Ата - энелер чогулушунун функциялары**

Мектептин ата — энелер чогулушу:

- Мектептин (класстын) ата — энелер комитетин шайлайт .
- Мектептин ата — энелер коому менен ез ара аракеттерине тиешелүү болгон устав жана башка локалдык актылар менен таанышат , мектептин ата — энелер комитетине керектуу өзгөтүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү суролорду коёт.

## 4. Ата — энелер чогулушунун башкаруусунун уюштуруу .

4.1 Ата — энелер чогулушунун курамына мектепте окуган бардык балдардын ата — энелери ( мыйзамдуу өкулдөрү ) кирет.

4.2 Ата —энелер чогулушу өзүнүн курамынан ата — энелер комитетин шайлайт .

4.3. Ата — энелер чогулушунун өткөрүү үчүн өзүнүн курамынан бир окуу жылына терага жана катчыны тандайт .Терагалыкка шарт боюнча мектептин ата-энелер комитетинин (класстын) ата — энелер комитетинин төрагасы шайланат .

4.4.Ата-энелер чогулушуна зарыл болгондо мектептин педжаматынан коомдук, мекемелерден, уюмдардан, өкулдөр чакырылат. Алардын чакырылышын мектептин ( класстын ) ата — энелер комитетинин төрагасы аныктайт.

4.5. Жалпы ата —энелердин жыйналышын мектептин директору менен ата — энелер комитетинин төрагасы бирге алып барат .

4.6. Класстын ата-энелер чогулушун класстын ата-энелер комитетинин төрагасы жетектейт.

4.7. Класстык ата — энелер чогулушунун төрагасы:

- Класстын ата — энелер комитетинин төрагасы менен биргеликте ата — энелер чогулушуна катышууну камсыздайт .
- Мектептин директору менен биргеликте ата-энелер чогулушуна даярдыктаы уюштурат.

-мектептин директору менен биргеликте ата -энелер комитетинин күн тартибин аныктайт.

- класстардын ата — энелер комитетинин төрагалары менен өз ара кызматташат.
- 4.8. Ата-энелер чогулушу мектептин түзүлгөн жылдан планын бир бөлүгү менен иш алып барат.

4.9Жалпы ат-энелер чогулушу жылына 2ден аз эмес , класстын ата-энелер чогулушу кварталына 1 жолудан аз эмес чогултулат.

4.10Ата-энелер чогулушунун отуруму жарактуу деп эсептелет эгерде мектепте окуган баардык балдардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрү) жарымынан аз эмеси катышса.

4.11Ата-энелер чогулушунун чечими ачык добуш берүү менен жана катышуучулардын үчтөн бир бөлүгү добуш берүү менен кабыл алынат .

4.12Ата-энелер чогулушунун чечиминин аткарылышын мектептин

( класстын ) ата-энелер комитетинин терагасы жана мектептин директору менен биргеликте уюштурат.

4.13Чечимдердин тез арада ишке ашырылышына ата — энелер чогулушунун протоколунда көрсөтүлгөн жоопту адам көзөмөл кылат . Жыйынтыгы кийинки ата-энелер чогулушунда билдирилет.

5.Ата-энелер чогулушу менен мектептин өзүн-өзу башкаруу уюмунун өз ара байланышы.

Ата-энелер чогулушу мектептин ата-энелер комитеттери менен өз ара кызматтатышат.

6. Ата-энелер чогулушунун жоопкерчилиги.

Ата-энелер чогулушу:

- Аларга бекитилген милдеттердин жана функциялардын аткарылышына жооптуу, кабыл алынган чечимдердин КРнын мыйзамдары жана нормативдик-укуктук актылары менен дал келишине жооптуу.

7. Ата-энелер чогулушунун иш кагаздары.

 7.1. Ата-энелер чогулушунун протоколу түзүлөт

 7.2. Протокол китепчесинде төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:

- чогулуштун өткөрүлгөн күнү
- катышкандардын саны;
- чакырылган коноктор (аты,жөнү, кызматы)

Күн тартиби;

- Ата-энелер чогулушунда коюлган суроолордун талкууланышы;
- Чакырылган коноктордун, мектеп кызматкерлеринин, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) сунуштары жана ой-пикирлери

Ата-энелер чогулушунун чечими.

 7.3. Ата-энелер чогулушунун протоколуна төрага жана катчынын колу коюлат.

 7.4. Протоколду номерлөө окуу жылынын башынан башталат.

 7.5. Ата-энелер чогулушунун протокол жазылган китепче беттери номерленип, тигилип мектептин директору тарабынан бекитилип мөөр басылат.

 7.6. Ата-энелер чогулушунун протоколу жазылган китепче мектептин иш кагаздары менен бирге беш жылга сакталат жана акт аркылуу өткөрүлүп берилет (жетекчилер алмашканда, архивге бергенде).

 8.7. Класстын ата-энелер чогулушунун протокол жазылган дептери классын өткөрүп бергенче же класс мектепти бүтүп кеткенче класс жетекчиде сакталат.